1235

ПАПКА
ДЛЯ
БУМАГ

Токтогулдун казак элинде айтканы
жана башка ырлары

~~И.Д. Бабиянову~~

~~[illegible]~~

Инв. N 1235

В

# ПАПКА

## ДЛЯ

# БУМАГ

ИЯЛ

Стихи Токтогула
в записи Т. Абдрахманова

СТАЛИНСКИЙ ОБЛРАЗНОПРОМСОЮЗ
АРТЕЛЬ
КРАСНАЯ КНИГА
Г. СТАЛИНО

Арт 1064
Цена 1 р. 45 к.

ТОКТОГУЛДУН КАЗАК ЭЛИНДЕ

ЫРДАГАН ЫРЫ

Жазган Абдырахманов Т.

ТОКТОГУЛДУН ЫРЫ.

Абдырахманов Турдумамбет.

Фрунзе област.

Кемин район. Село: Бурулдай

Папанина дом № 42.

Абдрахманов

Турдумамбет:

## ТОКТОГУЛ

Токтогулдун ѳлѳнү

Казак эл осунан. Жазылган 1941, жылы Нов Север, каласында

1941 , жылдан

17/X ден /бастап/ 1942 жылы

28/Y айына чейин.

Казак Уэакбай карыяа 79 жалында айтты.

Жазган кыргыз солдат.

Абдрахманов Турдумамбет.

Токтогул!

Токтогул казак эл осунан укан ырларым жана жазып алгендыгым жѳнүндѳ мен Абдрахманов Турдумамбет, Токтогулдун ыры жана казакча ѳлѳң айтканын күтүлбѳгѳн жер-жерден укканым жѳнүндѳ

### Кыскача түшүнүк!

Мен Абдрахманов Турдумамбет Кемин районунда туулгамын жашым 20 жаштамын, ѳзүмдүн кезипим 1931- жылдан баштап мугалим элем:

1941- жылы ата мекендик согушка армияга алындым. Ошол жылы күзүндѳ биэди Нов Северге алпарды: атуу аскерде болдум мен кѳпчүлүгү казак балдары менен болдум! Биэди Новсевердин шардан кѳп алыс эмес бир военный бозда ат бактырды. Ошол кезде мени жана да бир Келдибек деген казак бала экѳбүзду казармага жибербей тахай ат бактырчу болду:

Келдибек экѳвүз таныш жана экѳвүз бир салдат болгондон кийн жакшы жолдоштук мамилевиз жакшы жүрдүк, Келдибек

жолдошумдун үйү бизге жакын эле ошо жерде экен, өзүлөрүнүн мурунку өз жери Казакстандын Карагандыг областында Каркыра районунда болгон экен. Кандайдыр бир себебтер менен илгерирек жыйдан 7-8 жыл мурун ушул Новеевер шаарына, көчүп келип калыптыр, мени Келдибек жолдошум бир күнү үйүнө ээчитип барды. Келдибектин атасы бар экен /79/ жашта Узакбай деген карыя киши экен. Келдибектин атасы менин жайымы сурады, Узакбай карыя менин кыргыз экенимди таныткандан кийин Узакбай карыя осуман сөзүмү жулуп алып эле:

Чырагым сен кыргыз тускан экенсиң илгери мен акун кыргыз Токтогулду көргөмүн они сен билесиңба ой өтө акун адам эди. ол кеаде Токтогул Бадышаның түрмөсүнө тутулуп туткундан качып келеаткан да көрүскөмүн деп /менден тоцурага эле Узакбай карыя Токтогулду сурай баштады.

Мен билем дедим да Узакбай карыяга мен Токтогулдун кийинки заманда элге кадырлуу болгонун жана Токтогулдун ырларын бүтүн кыргыз эли кадырлап жана Токомун ырлары китеп болуп, Током кыргыз эли үчүн ардактуу адам болгонун билишимче айтып аңкеме кылдым, Узакбай казак карыя Токомун жерин сурады. Жана өз баласы барбы деди. Нече баласы бар деп сурады. Мен билгенимче Токтогулдун өлгөнүн жана балдары бар экендигин толук айтып бердим, билгенимче!

Узакбай карыя Токомун бала-чакасынын ал жайына жана өзү качан өлгөнүү жөнүнде толук терип тепчип сурады да кайран адам деп көпкө чейин кайкырып туруп, Токтогул жөнүнде жана Токтогулга көрүшкөндүгү жөнүнде Узакбай карыя мага аңкеме кылып айтып берди!